Мугалим: Маматалиева Жумагүл Базарбаевна

Класс: 8

Сабактын аталышы: Кыргызстан тарыхы

Сабактын темасы: Кокон хандыгындагы феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу

Колдонулуучу усулдар жана ыкмалар: интерактивдүү усулдар

Колдонулуучу каражаттар: Т.Н.Өмүрбеков, Т.К.Чоротегин «Кыргызстан тарыхы», таркатмалар, сүрөттөр, акылдуу доска

Предмет аралык байланыш: Кыргыз адабияты

Сабактын тиби: жаңы теманы өздөштүрүү

Максаттары

Билим берүүчүлүк	Окуучулар Кокон хандыгындагы ич ара жаңжалдар, кокондук хандардын алмашуусу жана ошол учурдагы кыргыз төбөлдөрүнүн саясий орду жөнүндө маалыматка ээ болушса
Өнүктүрүүчүлүк	Окуучулар Кокон хандыгындагы болгон тарыхый окуяларга карата өз алдынча анализ жүргүзө алышса
Тарбия берүүчүлүк	Өз оюн эркин айтып, башкалардын оюн сыйлоону үйрөнүшсө жана теманын негизинде эл үчүн, мамлекет үчүн биримдиктин, ынтымактын маанисин ағдай алышса

Компетенттүүлүктөр

Негизги компетенттүлүктөр	**Предметтик компетенттүүлүктөр**
Маалыматтык	Окуучулар Кокон хандыгындагыныны ички абалынын начарлашынын себебпетерин билишет
Социалдык-коммуникациялык	Окуучулар окуялардын башка темалар менен байланышын аныктап менен түшүнө алышат
Өзүн тааануу жана көйгөйлөрдү чечүү	Окуучулар окуяларды хронологиялык тартипте жайгаштырып, тарыхый инсандарга карата өз алдынча баа бере алышат

Сабактын жүрүшү:

Сабактын этаптары	Убакыт (минут)	Мугалимдин ишмердүүлүгү	Окуучулардын ишмердүүлүгү
1.Уюштуруу	**3мин**	Саламдашуу, окуучуларды жоктоо, жаңы теманы жазуу тактайчасына жазат. Тема: **Кокон хандыгындагы феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу**	Окуучулар жаңы теманы дептерлерине жазышат
Үй тапшырманы суроо	**5мин**	Үй тапшырмасын атайын даярдалган тесттик суроолор менен сурап алат 1)1842-жылы Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш кайсы аймакта өткөн? А) Ысык-Көлдө б) Ошто в) Нарында г) Чүйдө 2) Кокон хандыгы тарабынан Тайлактын уулу Осмонго ..... наамы ыйгарылылат. А) паңсат б) элбеги в) датка г) миңбашы 3)1850-жылдары Нарындагы кокондук төрөлөргө каршы көтөрүлүштү ким жетектеген? А) Тайлак б) Атантай в) Осмон г) Табылды 4) Ормон хандын буйругу боюнча 1850- жылы көтөрүлүшчүлөр ..... чебиндеги сарбаздарды талкалашкан. А) Бишкек б) Балыкчы в) Куртка г) Олуя-Ата 5)1857-жылы казак жана кыргыз эли биригип Чүйгө кол курап келген кайсы диванбегигинин колун талкалашкан? А) Мусулманкул б) Табылды в) Ормон г) Кудайберди	Окуучулар үй тапшырмасы боюнча тестке жооп беришет

Жаңы теманы түшүндүрүү:	**35 мин**	Тема:Кокон хандыгындагы феодалдык ич ара жаңжалдардын курчушу Кокон хандыгы Орто Азия, Казакстандын аймактарын камтыгыган көп улттуу хандык эле.Бирок, хандыкта бекем ички саясй биримдик болгон эмес.Хандык 15 бектикке бөлүнүп аларды бектер башкарып турушкан.Кокон хандыгында Маргалаң, Хадихан, Анжиян,Наманган, Суг, Махрам, Булак-Башы, Балыкчы , Чаартак, Ноокат, Хасан бектиктери өтө чоңдору болгон жана Ташкенттин беклербеги четткеги аймактарды башкарууда маанилүү роль ойногон.Кокон хандыгы бирдиктүү бир хандык болгон менен иш жзүндө феодалдык бытырыандылык сакталып калган.Бийлик үчүн тынымсыз күрөш күрөш жүргүзгөн ири феодалдар ханды тез-тез алмаштырып такка өздөдөрүнө жаккан хандазаданы отургузушкан. 1840-жылдан тартып ород кыргыз-кыпчак феодалдары ордодо чечүүчү роль ойногон. 1842-жылы Мадалы хандын аксымдыгынан улам Кокон хандыгында көтөрүлүш чыккан жана бул башаламандык Бухара эмири Насуруллонун Коконду ээлеп алуусуна жол ачкан. Мына уушндан тартып Кокон хандыгын Насурууло дайындаган эмир башкара турган болуп калган.Бирок мындай абал көпкө сзулган жок. Үч айдан соң Бухаранын үчтөмдүгү кулатылат. Ал эми Кокондук такка кыргыз-кыпчак феодалдары кеңешип Алим хандын аталаш иниси Шералыны алып келишет. Анын такка келишинде Нүзүп бийдин эмеги зор болгон.Ал эми 1845-жылы Шералы тактан четтетилипп ордуна Алимхандын уулу Мурадды такка алып келишет Мурад 11 күн гана такта турган. Мусулманкул көп аскер менен кирип Мурад ханда өлтүрүп Шералы хандын 13 жаштагы уулу Кудаярды такка отургузган.Мусулманкул ошондон тартып өзүн аталык атап такты өз колуна алган. Кудаяр ханды кийин өз кызына үйлөндүрүп күйөө бала кылып алган.Бирок Мусулманкул менен кудаярдын ортосундагы мамиле барган сайын курчуй баштаган жана Кудаяр хандын жеңиши менен аяктаган. Мусулманкул дарга асылып ордодогу кыпчактардын таасири жоюлду. 1858-жылы Кудаярдын агасы Малабек кыргыз-кыпчак феодалдарынын колдоосуна таянып такка келген. Анын тушунда Алымбек датка вазирлик кылган.	

Теманы бышыктоо		Ошентип балдар жогоруда өзүңөр күбө болгондой Кокон хандыгында 1840- жылдан тартып ич ара жаңжалдар так талашуулар өтө күчөгөн. Бул сырттагы душманар үчүн оңтойлуу шарт түзүп берген. Ошол эле учурда хандыктын алсырашына жол ачкан.	
Жыйынтыктоо		Балдар жогоруда берилген маалыматтын негизинде окуяларды мезгил сызыгына жайгаштыргыла.	Окуучулар окуяларды хронологиялык тартипте жайгаштырышат. Кошумча суроолорго жооп беришет
Баалоо		1-10го чейин упай топтошот жана топтогон упайларга жараша төмөндөгүдөй бааланышат; «5»-10 упай, «4»-6дана 8 упайга чейин, «3»-3 төн 5 упайга чейин	
Үй тапшырма		Үйгө тапшырма теманы окуп, конспект кылуу. Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романынан Кудаяр хан, Шералы хан, Нүзүп бий жана Мусулманкул кандай мүнөздөлөт таап келгиле. Чогуу талкуулап баа беребиз.	